УДК: 821.512.154:37.013.3
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.85

Умарова Р., Джаналиева П.
К. Карасаев атындагы БМУ

# МАР БАЙЖИЕВДИН “ТӨРТ АДАМ” ДРАМАСЫН ОРТО МЕКТЕПТЕРДЕ ОКУТУУНУН УСУЛДАРЫ

**Кыскача мазмуну:** Бул илимий макала орто мектептерде драма жанрындагы чыгармаларды окутуунун жаңыча усулдарына арналган. Адабият сабагында драма жанрындагы чыгармаларды окутуунун технологиялары жана алардын маселелери иликтенди. Макалада Мар Байжиевдин “Төрт адам” драмасын окутуунун негизинде күндөлүк сабактын планы түзүлүп, драмалык чыгармаларды окутууда эске алынуучу негизги жагдайлар,илимий-теориялык маселелери да көрсөтүлгөн.Анткени драмалык чыгарманын негизги өзөгү татаал,, анын мазмунун, каармандардын мүнөздөрүн, чыгарманын проблемаларын, каармандардын сезим дүйнөсүндөгү конфликтилерди аңдап түшүнүү окуучулар үчүн татаалдыкты пайда кылган жактары аталды ,ошондуктан драма жанрындагы чыгармаларды учур талабына ылайык окутууга көрсөтмөлөр берилген. Мына ошондой маселелердин алдын алуу үчүн сабакта мугалимдин чеберчилигине байланышкан чыгарманы талдоо ыкмалары иштелген.

**Түйүндүүсөздөр:** драма,сабак,усул,пьеса,мүнөз,конфликт,каарман,мазмун,проблема, чеберчилик,специфика,жанр,ыкма,маселе.

Умарова Р., Джаналиева П.
БГУ им. К. Карасаева

# МЕТОДЫ ОБУЧЕНИЯ ДРАМЫ “ДУЭЛЬ”М.БАЙЖИЕВА В СРЕДНЕЙ ШКОЛЕ

**Аннотация:** Данная статья посвящена новой методике обучения драматических произведений.На уроке литературы мы исследовали технологии обучения драматическим жанровым произведениям и их проблемы.В статье рассмотрены проблемы преподавания драмы «Дуэль» М. Байжиева, был составлен план ежедневного занятия, а также показаны основные моменты, которые необходимо учитывать при обучении драматическим произведениям. Также были представлены научно-теоретические вопросы. Поскольку суть этой драмы сложна. Упомянуты аспекты, затрудняющие понимание учащимися ее содержания, черты характера, проблемы произведения, конфликты в эмоцианальном мире героев. Поэтому было дано указание преподавать произведения драматического жанра в соответствии с современными требованиями. Для предотвращения таких явлений требуется умение и мастерство учителя, уметь заинтересовать учащихся предметом урока.

**Ключевые слова:** драма, метод, пьеса, конфликт, технология, эпизод, ремарка, декорация, манера, специфика, жанр, трагедия, проблема.

Umarova R., Dzhanalieva P.
BSU named after K. Karasaev

# M.BAIZHIEV'S TEACHING METHATS OF DRAMA “DUEL” IN SEKONDARY SCHOOL

**Abstract:** This article is devoted to a new method of teaching dramatic works. Scientific and

theoretical questions were also been provided. Teaching technologies and their essence are given. The article deals with the problems of teaching the drama “Duel” by M. Baizhiev, a plan for daily classes was drawn up, and the main points that must be taken into account when teaching dramatic works, since the essence of this drama is compound, are shown.Aspects that make it difficult for students to understand,its content,character traits,problems of the work,conflicts in the emotional world of characters are mentioned.Therefore,an instruction was given to teach works of the dramatic genre in accordance with modern requirements.To prevent such phenomena, it is required the ability and skill of the teacher to be able to interest students in the subject of the lesson.

**Keywords**: drama, method, play, conflict, technology, episode, stage direction, scenery, manner, specificity, genre, tragedy, problem.

Көркөм чыгармаларды орто мектептерде заман талабына ылайык окутуу, чыгармада көтөрүлгөн маселелерди турмуш чындыгы менен айкалышта жеткиликтүү түшүндүрүү жолу менен сабак өтүү учурдун талаптарынын бири. Ошонун сыңарындай драма жанрындагы чыгармаларды талдоону, окутууну жанрдык спецификасына ылайык иликтеп чыгуу маанилүү болуп саналат. Анткени, көбүнчө драмалык чыгармалар “пьеса”, “драма”, “комедия”, “трагикомедия”, “трагедия” дегендей жанрдык аталыштардын бири менен берилсе, бул аталган чыгарманын жанрын автор “драмалык аңгеме” деп айтат. Драма грек тилинен которгондо –“аракет” дегенди билдирет. Драма бир эле убакта театрга да, адабиятка да орток жанр. Каарманга жан киргизип, кыймылга келтире турган сцена болуп эсептелет. “Драма сценада гана жашай алат,-деген Гоголь,-ансыз ал жаны жок гана өлүү дене” [1,177-б.] –деп айткан.Драманы талдоодо каармандардын образдарына, мүнөзүнө, чыгармадагы конфликтилерге маани берүү талап кылынат. ”Ар кандай эле адабият чыгармасынын сюжетин өнүктүрүүдө конфликт тигил же бул даражада роль ойной турган болсо, драмада ал драматургиялык аракетти өнүктүрүүнүн башкы пружинасы жана жана мүнөздөрдү ачуунун негизги каражаты болуп кызмат кылат.” [2, 463-б.]

Драманын жазылыш тарыхына келсек эки жолу жазылган. Адегенде 1967-жылы жазылып, Фрунзедеги Н.К. Крупская атындагы орус драма театрында коюлган.Автор экинчи жолу чыгарманын редакциясын 2003-жылы ишке ашырган.Аталышы көп драма. Бул чыгарманын негизги үч аталышы бар: биринчиси- “Эрөөл”, экинчиси-“Дуэль”, үчүнчүсү- “Төрт адам”. Муну менен эле чектелбейт. Драмадагы окуя баяндоочу каарман Мен деген тарабынан, Назинин сөзү менен өнүктүрүлүп барат.Төрт гана адам катышат, алар: 22 жаштагы Нази, Азиз, Искендер, эпизоддук учурда жапжаш медсестра. Драмалык чыгармаларда каарманды сценада көрсөтүү жазуучуну белгилүү чектелгендикке алып келет:убакыт менен байланыштуулугу, каармандардын милдеттүү түрдө кебетесин бериши дагы ушу сыяктуулар. Мына ушуга байланыштуу драмалык чыгармаларды мектепте үйрөнүүнүн бөтөнчөлүгү жана татаалдыгы келип чыгат.

“Сабакта талдоо жүргүзгөн учурда драманын идеялык-тематикалык маани касиети менен бирге образ-персонаждар системасы,аны башка жанрлардан айырмалап турган

тили,диалог,монолог,реплика өңдүү өзүнө гана мүнөздүү каражаттар боюнча түшүнүк бербей коюуга ар биринин аныктамасын айтып, маанисин ачпай өтүүгө мүмкүн эмес. [3,189-б.] Демек,драмалык чыгармалардагы каармандардын речин,диалогдорунун психологиялык чыңалууларга ээ экендигин,драмалык конфликтти уюштуруудагы ролун, эмоционалдуулукка ээ болушун анализдеп,окуучуларга түшүнүк берүү алардын эстетикалык табитин тарбиялоодо зор мааниге ээ.

”Көркөм адабият турмуштун модели деп эсептейбиз, бирок андан жогору турат, анткени ал искусство, анын таасир берүүчү, тазартуучу күчү бар. “Эрөөл” да ошондой. Мында Азиз менен Назинин сүйүсүү реалдуулукка караганда, идеалдуулукка көбүрөөк ыкташат. “Иному может представится что писатель и его герои высказывают порой природно изначальные для человечества известные всем истины. Да, изначальные, да известные. Но как часто бывает так: знает будто бы человек, что такое хорошо и что такое плохо, а слово с делом у него расходится . И если произведения искусства,творчество писателя показывает человеку это, говоря, как должно быть, оно выполняет свою учительскую миссию”-деп айткан Е. Озмителдин бул сөзүндө калет жок. Бул толугу менен Байжиевге да тиешелүү. Бул пьесасы менен ал чынында эле адам проблемасына байланышкан зор маселени көтөргөн деп айтсак болот. “Жакшынын шарапаты” дегендей Азиздин таасири менен Нази адам болду.Идеалсыз жашаган киши, жашоодогу багытынан адашкан киши жөн эле бир макулук, бактысыз бечара деген жалпыга белгилүү эле чындыкты көркөм мүнөздөр аркылуу көрсөтүп далилдеди. ”Бүгүнкү күн адабият мугалиминин алдына баарынан мурда эстетикалык сабаттуу, сезимдүү окурманды тарбиялоо керек деген проблеманы биринчи планга койду. Драма адабияттын чегинен чыгып, чындыкты көркөм чагылдыруунун өзгөчө формасы болуп саналат. Ошондуктан драмалык чыгармаларды талдоодо театрдын теориясы менен да иш алып барууга туура келет. Драмалык чыгармаларды окуудан мурун окуучулар анын сценада ишке ашырылышы үчүн жазылгандыгын билүүлөрү зарыл.” [4,36-б.]

Драмалык чыгармалардын сюжети канчалык турмуштук курч конфликттерди чагылдырууга байланыштуу болсо, ошончолук анда турмуштук күрөштөрдү көрсөтүү, каармандарды жеңиштерге,же жеңилишке алып келүүчү умтулуштарынын жана эркинин кагылышуулары биринчи планга көтөрүлөт. Эң алгач драманы уюштуруу ишинин да өзгөчөлүгү болууга тийиш. Драма окуучулардан турмуштун карама-каршылыктарын терең аңдап туюуну, кыраакылыкты ,көп күчтү жана мыкты элестетүүчүлүктү талап кылат. Автордук айтып берүүлөр(ремаркалар) драманы сахнада аткарууну толук камсыз кыла албагандан кийин, окуучу көрүүчүнүн ордунда болууга аракеттениши керек.

Мектеп практикасында жогорку класстын окуучулары драманын текстин окуганда “көрүүчүнүн” даражасына жетише албастан эле,үстүртөн окуган окуучунун деңгээлинде гана кала беришкендигин көп жолуктурабыз. Алар көп учурларда катышуучу каармандардын тизмесин, ремаркаларды, декорацияларды, окуянын өтө турган ордун жана башкаларды

автордук көргөзмөлөрдү көңүл коюп окушпайт. Эпизоддук каармандарга көңүл бурушпайт. Каармандардын сырткы кебетесин, сүйлөө манераларын, кыймыл аракеттерин көз алдыларына элестетишпейт, мизансценаларды көрүшпөйт. Мына мындай кемчиликтер ошол чыгармалардын идеялык мазмунун терең үйрөнүүгө тоскоолдук кылат. Драмалык чыгармаларды үйрөнүүдө окуучуларда терең түшүнүк калтыруу максатына анын театрларда коюлуу тарыхы жөнүндө маалыматтарды берүүнүн да чоң мааниси бар.Мектептерде драматургияны үйрөнүүнүн спецификалык бөтөнчөлүгүн шарттап турган драмалык жанрга тиешелүү болгон маселелер мына ушу. "Методика" үйрөнүүнүн объектиси, -дейт академик В.В. Голубков ,-окуучу менен окутуучунун адабият сабагы боюнча болгон пикир алмашуусу.

Бүгүнкү күндө мектептерде жана орто, жогорку кесиптик окуу жайларда окутуу технологиялары практикага активдүү киргизилип жаткандыгы маалым. Окутуу технологиясы педагогикалык чеберчилик менен өз ара байланышта турат. Окутуунун технологиясына толук түрдө ээ болуу-педагогикалык чеберчилик.

Окутуунун технологияларында инновациялык мүмкүнчүлүктөрдү көп кырдуу түрдө колдонсо болот. Драмалык чыгарманы окутууда проблемалык жана өнүктүрүп-өстүрүүчү окутуу технологиясы туура келет деп эсептейбиз. Анткени бул сабактын планында сунуштаган технологияларда окуучулардын потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүнө, жекече ойлоосуна, өз алдынча турмуштук маселелерди талдоого жана аларды реализациялоого багыт берилет. Дидактикалык талаптары боюнча бул технология окутууда теориялык билимдин басымдуулугун талап кылат.

Азыркы учурда орто мектепте 11-класстын окуучуларына Мар Байжиевдин өмүр баяны жана "Төрт адам" драмасына 3-чейректе жалпы 3 саат берилген. [4,23-б.] М. Байжиевдин "Төрт адам" драмасына төмөнкү күндөлүк сабактын планын сунуштайбыз. Бул сабак - драманын сюжетин окуп үйрөнүү сабагы.

Сабактын темасы : Мар Байжиевдин "Төрт адам"драмасынын сюжетин окутуу

1. Сабактын билим берүүчүлүк максаты: Мар Байжиевдин "Төрт адам" драмасы боюнча маалымат берүү.Чыгарманын мазмунун окутуп үйрөтүү. Драмада коюлган проблемаларды, турмуштук карама-каршылыктардын келип чыгышы тууралуу түшүнүк берүү.

2. Тарбия берүүчүлүк максаты: Турмуштагы карама-каршылык, жакшылык менен жамандыкты , ак менен караны талдап, ажырымын билүүгө, адамдык сапаттарды баалай билүүгө тарбияланышат.

3. Өнүктүрүүчүлүк максаты: Логикалык жана сынчыл ойлоо жөндөмдүүлүгүн арттыруу. Оозеки жана жазуу речин өстүрүү. Ой жүгүртүүсүн тереңдетүү.

Сабактын тиби: Жаңы билимдерди калыптандыруучу сабак.

Сабактын формасы: Топто иштөө.

Сабактын ыкмалары: суроо-жооп, көрсөтмөлүүлүк, "Эки беттүү күндөлүк", видео тест менен иштөө.

Сабакта колдонулуучу каражаттар: Окуу китеби, Мар Байжиевдин “Сахна” жыйнагы, ватмандар, сүрөттөр, быйтыкчалар, техникалык каражаттар.

1.Сабактын жүрүшү:

Сабакты уюштуруу

Мугалим: Саламатсыңарбы, урматтуу окуучуларым! Маанайыңар жакшыбы? Сабакты баштаардан мурда мен силерге Нуржигит Кадырбековдун “Бир секунд” деген ырынан эки куплет айтып берейин, силер ырдын маанисине карата ойлонуп, драманы талдап бүткөндө, ушул ырдагы ой менен байланыштырып, эссе жазууда колдонуп жыйынтык чыгарасыңар:

Бир секунд бул-самолётко кечигүү
Бир секунд бул-жанган отту өчүрүү.
Бир секунд бул-бир кылымда жуулгус,
Бир чоң ката, бир чоң айып кетирүү.
Бир секундда дарак сынат “карс” этип,
Бир секундда жалын өчөт “жалп” этип.
Бир секундда жүрөк токтоп акыры,
Ысык дене музга айланат, жан кетип...

Сабактын милдети:

Когнитивдик:драманын сюжети менен таанышуу;

Ишмердүүлүк: сүрөттөр менен иштөө жана тесттик суроолорго жооп берүү;

Баалуулук:драмадагы көтөрүлгөн көйгөйдү жана анын келип чыгышын талдоо, андан турмуш сабактарын үйрөнүү;

Алгач окуучулар үч топко болүнүшүп , ал үчүн мугалим партанын катарына коюп койгон үч эмоциядагы быйтыкчалардын бирин таңдашат.Ар бир топтон баалоо критерийи боюнча башка топту байкоо үчүн “Байкоочу” шайланып, алган упайларды жазып отурат.

Баалоо критерийи менен таанышабыз:

Баалоо критерийлери:

1.Сабакка кечикпей келүү;

2.Үй тапшырмасына жооп берүү;

3.Жаңы материалды кунт коюп угуу;

4.Сабакты бышыктоого активдүү катышуу;

5.Өз оюн эркин айтып,далилдөө;

6.Башкалардын оюн сыйлоо;

Ар бир туура критерий үчүн +2 балл.

Ар бир бузулган критерий үчүн -2 балл

2. Уйгө берилген тапшырманы текшерүү

3.Жаңы тема: Мар Байжиевдин “Төрт адам” драмасынын сюжети

1-кадам:Чыгарма Азиз менен Назинин ой эрөөлүнөн, сөз эрөөлүнөн, адеп, ыйман эрөөлүнөн куралат.Бул драма эки жолу жазылган, адегенде 1967-жылы , экинчи жолу чыгарманын жаңы редакциясы 2003-жылы ишке ашырылган.

Эми кызыктуу фактыларга кайрылсак:

1.Театрда эң көп коюлган;

2.Жакшылык жана ишеним драманын өзөгү;

3.Аталышы көп драма

2-кадам: Мугалим окуучуларга чыгарманын сюжетин баяндап берет: Бул окуя Ысык-Көлдүн сезону бүтүп, эс алуучулар бүт кетип, эл көзүнө көрүнбөй эс алууга келген Искендер менен Нази жана Владивостоктон радиациялык нурланууга дуушар болуп отставкага келип, дарыланып жаткан Азиздин ортосундагы окуялар менен башталат. Ак мөңгүлүү шаңкайган Ала-Тоонун ортосундагы Ысык-Көлдө Нази менен Искендер көлдүн жээгине чатыр тигип, эс алууга киришет. Искендер күнүгө эртең менен кайыкка түшүп, балык уулоого кетет.Ушундай убактардын биринде Азиз жээкке сүзүп келе жатып, Назиге туш болот.

Экөөнүн диалогу башында тамаша, какшык менен башталса, кийинчирээк тамыр тартып, суроо беришип, төртүнчү жолугушууда бири-бирин терең билип, таанууга чейин өнүгөт. Азиз-шайыр көрүнгөнү менен жубайына боору ооруп, аны бактылуу кылуу үчүн гана сүйүүсүз үйлөнүп, кийин түшүнбөстүктөн экөө ажырашып кеткени сөз учурунда белгилүү болот. Диалог учурунда анын “Жашагым келет” деген сөзүнөн улам башынан өткөн окуясы баяндалат. Азиз алыскы Владивостокто сакчы катердин капитаны болуп иштеп жүргөндө бир күнү кокустан деңиздин радияцияланган бөлүгүнө жүргүнчү теплоходдун сүзүп келатканы маалым болот. Анын ичиндеги адамдардын өмүрүн сактоо үчүн катердеги төртөө радияцияланган аймакка кирип, теплоходго белги берип токтотуп калышат, бирок 200рентген нуруна туш болуп жанындагы жолдоштору жана маймылы өлөт.

Төртүнчүсү ошол окуянын эстелиги катары маймыл оюнчугун көтөрүп жүргөн Азиз Ысык-Көлдөн Назиге кокусунан кезигип калат. Нази-апасынын жалгыз кызы.Апасы жаш кезинде абдан келишимдүү болуп,бирок кургак учук менен ооруп калган соң аны көңүлдөшү таштап кетип жалгыз калган аял. Нази жаш кезинде ырчы, бийчи болгусу келип, бирок кайда барбасын анын сулуулугун, жаштыгын пайдалангысы келген арамза адамдардан көңүлү калып акыры дүкөндө иштеп турганында Искендердин жоруктарынан улам кетмекчи болот,бирок ошол учурда текшерүү келип эки бостон кездемеси кем болуп,эки жүз миң сом айыпка салынат. Искендер Нази соттолуп кетеринде калп эле жан тарткан киши болуп өзү кымырып алган кездеменин акчасын берип,Назини сот жообунан сактап калат.Бирок кийин Искендер бул атайын уюштурулган кутум экенин аны Назини алып калуу үчүн уюштурганын айтат. Ушундан соң Назинин Искендерден биротоло көңүлү калып экөөнөн жаралчу баланы боюнан алдырып салат, бирок апасынын турмушунан улам жалгыз калуудан коркуп аны менен чогуу жүрө берет. Искендер-алмончоктой үй бүлөсү бар туруп, өзү жаман жолго түшкөнү аз келгенсип,Назини

да бузук жолго салган абийирсиз, өзүмчүл адам. Азизди да шайкелең эркектердин бири деп ойлогон Нази,акыры анын жөнөкөйлүгүн,адамдык сапатты акча,кумардан өйдө койгондугун түшүнүп, жашоосунда биринчи жана акыркы жолу анын адамдык абийирине, инсандык сапатына ашык болот.

Чыгарма бешинчи бөлүмдө өлүм алдында жаткан Азиздин кат жазып аны медайымдан Назиге берип жиберүүсү жана бул окуядан соң Искендер да аялы менен Назиден кечирим сурап кат жазуусу менен аяктайт.

4.Бышыктоо:

4-кадам:Талкуу мөөнөтү:бардыгы -15 мүнөт

1-топ: Нази кандай каарман, анын жан дүйнөсүн ким ойготту?

2-топ: Азиздин жашоого көз карашын адамгерчилик сапатын кайсы окуядан , иш-араетеринен байкадыңар?

3-топ: Искендердин мүнөзү кандай,жеке адамдын мүнөзү Назиге, адам тагдырына таасирин тийгиздиби ?

Мугалим- окуучулардын жоопторун аныктап,сабактагы коюлган суроолордун туура чечилишие багытталган тактоочу,багытточу суроолорду берип, ар бир суроонун жыйынтыгын толуктап,текшерип турат.

5-кадам: Эки беттүү күндөлүк менен иштөө:

| “Төрт адам” драмасынын каармандары боюнча суроолор | Жооптор: |
|---|---|
| Канча каарман бар? | |
| Азиз, Нази, Искендердин бири-биринен айырмалаган сапаттары? | |
| Драманын идеясы? | |

6-кадам: Видеотест менен иштөө: Окуучулар мындачыгарманын сюжетин өздөштүрүүгө багыталган тесстерди белгилешет.

5.Сабакты жыйынтыктоо:Мугалим окуучулардын түшүнбөгөн суроолоруна жооп берет, сабакта активдүү катышкандарга алкыш айтат.

6.Баалоо: Баалоо дептерин ар бир окуучу өзү толтуруп, баалап, мугалимге алып келет. Ал эми топтордун иши “Байкоочунун” баасы боюнча бааланат.

7.Үйгө тапшырма: Мар Байжиевдин “Төрт адам” драмасынын сюжетин окуп, “Бир келген өмүр” деген темада эссе жазып келүү.

**Адабияттар**

1. Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. Бишкек, 2019
2. Борбугулов М. Адабият теориясы. Б., 1996
3. Батаканова С. Мектепте көркөм чыгармаларды талдоонун илимий педагогикалык

негиздери, Б., 2010
4. Байгазиев С. жана Муратов А. Кыргыз адабиятынын программасы. Б., 2017
5. Койчуманова Н. Мар Байжиев.Чыгармачылык өнөркана сыры. Б, 2003